USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору

# Улуттук тренерлерге жана мугалимдерге тренинг өткөрүү боюнча нускама

Окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча
USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоору

Бул нускама АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен иштелип чыкты. Нускаманын мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Бишкек

2018

## 9-модуль:

**Башталгыч класстар үчүн окуу боюнча кошумча материалдарды классификациялоо**

## 9-модуль

### «Башталгыч класстар үчүн окуу боюнча кошумча материалдарды классификациялоо»

1. **Тренингдин максаттары жана күтүлүүчү натыйжалар**

**Максаты:**

- Тренингдин катышуучуларын кошумча окуу материалдарын классификациялоо куралынын жардамы менен классификациялоону жана алардын өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Тренингдин катышуучулары:

- окуучулардын жаш курагына жана классына ылайыктуу окуу материалдарын берүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- «окумдуулук» менен «классификация критерийлерин» айырмалай алышат;
- китептерге татаалдык деңгээлин ыйгаруу үчүн критерийлерди аныктай алышат;
- окуучулар үчүн эң кызыктуу китептерди аныктай алышат.

**Тренингдин материалдары:** 9-модуль «Башталгыч класстар үчүн окуу боюнча кошумча материалдарды классификациялоо».

2. **Керектүү материалдар:** Флипчарттар, маркерлер, кайчы, кагаз, скотч

3. **Тренингдин мөөнөтү:** 1 күн (8 саат)

4. **Тренингдин катышуучулары:** USAIDдин «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунун улуттук тренерлери, мугалимдери

**9-модуль «Башталгыч кластар үчүн окуу боюнча кошумча материалдарды классификациялоо»**

## ТРЕНИНГДИН ПРОГРАММАСЫ

| | |
|---|---|
| 8:30 – 9:00 | Катышуучуларды каттоо |
| 9:00 – 9:15 | «Окуп бериңизчи» көнүгүүсү |
| 9:15 – 9:45 | 1-сессия. 6-модуль («Инсанга багытталган окутуу») боюнча өтүлгөн материалдарга кайтарым байланыш |
| 9:45 – 10:00 | 2-сессия. 9-модуль боюнча тренингдин максаты, күтүлгүүчү натыйжалары жана алтын эрежелери |
| 10:00-10:20 | 3-сессия. Окуучуларга ийгиликтүү окурман болууга кантип жардам берсе болот? Алгачкы изилдөөлөр |
| 10:20- 10:45 | Кофе-брейк |
| 10:45- 11:05 | 4- сессия. Окумдуулук жана тексттерди классификациялоонун маанилүүлүгү |
| 11:05-12:30 | 5-сессия. Кыргыз Республикасындагы классификациялоо системасы: лингвистикалык параметрлер, мазмун, китептин жасалгасы жана дизайны, окуу материалдарынын класстарга жараша татаалдык деңгээлдери |
| 12:30 – 13:30 | Түшкү тамак |
| 13:30 – 13:45 | «Келгиле, окуйбуз!» кыймылдуу көнүгүүсү |
| 13:45 – 14:25 | 5-сессия. Кыргыз Республикасындагы классификациялоо системасы: лингивистикалык параметрлер, мазмун, китепти жасалгасы жана дизайны, окуу материалдарынын класстарга жараша татаалдык деңгээлдери (Уландысы) |
| 14:25-14:45 | 6-сессия. Мугалимдер окуу материалдарын классификациялоо куралын кантип колдоно алышат? |
| 14:45 – 15:25 | 7-сессия. Мугалимдер классификацияланган окуу материалдарын кантип колдоно алышат? |
| 15:25 – 15:45 | Кофе-брейк |
| 15:45 – 16:25 | Улуттук тренерлер үчүн тренингдин нускамаларын талкуулоо (тренинг мугалимдерге өтүлгөн учурда бул сессиянын ордуна «Шар окуу жана окуганын түшүнүү» боюнча видеолор көрсөтүлөт.) |
| 16:25 – 17:00 | Рефлексия. Суроо-жооп |

| Убакыт | Иш-чаранын мазмуну | Ресурстар жана эскертүүлөр |
|---|---|---|
| 9:00-9:15<br><br>15 мин. | **Фасилитатор** (мындан ары Ф.) тренингдин катышуучулары менен саламдашкандан кийин «Окуп бериңизчи» көнүгүүсүн өткөрөт.<br>1. Ф. тренингдин катышуучуларын айлана болуп турууга чакырат.<br>2. Идишке же бир предметтин ичине алдын ала бүктөлүп салынган кагаздардан ар бир катышуучуга бирден алдырып чыгат. Бул кагаздарга ар түрдүү тапшырмалар жазылган болот. Мисалы: «Манас айткандай кылып окуп бериңизчи», «Жактырган ырыңыздын обонуна салып окуп бериңизчи», «Рэп айкандай кылып окуп бериңизчи», «Абдан тез окуп бериңизчи», «Үнүңүздү жоон чыгарып окуп бериңизчи» ж.б.с.у.<br>3. Алгач Ф. китептин же чыгарманын атын, авторун тааныштырып, өзү китептен 3 сүйлөмдү көркөм окуп берет. Андан соң, катышуучулар кезек-кезеги менен алган кагаздарында жазылган тапшырмалары боюнча окуп берүүлөрүн сурайт.<br>4.Тренингдин катышуучулары кагаздарында жазылган тапшырмалары боюнча кезек-кезеги менен 3 сүйлөмдөн окушат.<br>5. Ф. жалпы топко рахмат айтып, көнүгүүнү жыйынтыктайт. | «Окуп бериңизчи» көнүгүүсүнүн тапшырмалары (1-тиркеме)<br><br>Эгерде катышуучу лардын саны 12 ден көп болсо анда эки катышуучу бир кагаз алып окушса болот. |
| 9:15-9:45<br><br>30 мин. | **1-сессия. 6-модуль («Инсанга багытталган окутуу») боюнча өтүлгөн материалдарга кайтарым байланыш.**<br><br>Ф. тренигдин катышуучуларын 3-топко бөлүп төмөнкү суроолорду таркатып берип же тааныштырып презентация кылууларын сурайт:<br>**1-топ**<br>6-модуль боюнча өтүлгөн материалдарды колдонгон мугалимдердин ишинде кандай ийгиликтер күтүлөт деп ойлойсуздар?<br>**2-топ**<br>6-модуль боюнча өтүлгөн материалдарды колдонууда мугалимдерге кандай кыйынчылыктар күтүлөт деп ойлойсуздар?<br>**3-топ**<br>6-модуль боюнча өтүлгөн материалдарды мугалимдер ийгиликтүү колдонуулары үчүн кандай сунуштарды бересиздер?<br><br>Топтор презентацияны өздөрү каалаган формада (сүрөт аркылуу, пантомима, ролдук оюн ж.б.) өткөрсө болоорун Ф. алдын ала эскертет.<br>Топтордо иштөө -15 мин. Презентация кылуу жана жалпы топто талкуулоо - 15 мин.<br><br>Эскертүү: Бул сессия мугалимдерге өтүлгөн учурда жогоруда берилген суроолордун ордуна төмөнкү суроолор берилет:<br><br>**1-топ**<br>6-модуль боюнча өтүлгөн материалдарды колдонууда кандай ийгиликтер болду?<br>**2-топ**<br>6-модуль боюнча өтүлгөн материалдарды колдонууда кандай кыйынчылыктар болду?<br>**3-топ**<br>6-модуль боюнча өтүлгөн материалдарды ийгиликтүү колдонуу үчүн кандай сунуштарды бересиздер? | 2- слайд<br><br>Топтордун саны боюнча флипчарттар, маркерлер, скотч.<br><br>. |

| | | |
|---|---|---|
| 9:45-10:00<br><br>15 мин. | **2-сессия. 9-модуль боюнча тренингдин максаты, күтүлүүчү натыйжалары жана алтын эрежелери**<br><br>1. Ф**.** катышуучуларды тренингдин темасы менен тааныштырып алардын ар биринен «Бүгүнкү тренингден эмнени күтөсүз?» деп сурап чыгат. Бул суроого жооп бир сүйлөмдөн ашпашы керек. Жооптор алынгандан кийин, ыраазычылык билдирүү менен бирге Ф. тренингдин максаты жана күтүлүүчү натыйжалары менен катышуучуларды тааныштырат.<br>2. Ф. катышуучулар менен биргеликте тренингдин алтын эрежелерин иштеп чыгат. Жыйынтыкталган эрежелердин саны 7ден ашпашы жана төмөнкү 2 эреженин сөссүз кошулушу сунушталат:<br>- Тренингдин колдонмосун сессия убагында Ф. сураганда гана окуйбуз.<br>-Тренинг өтүп жатканда телефонду өчүрөбүз же үнсүз режимге калтырабыз.<br><br>Флипчартка жазылган тренингдин максаты, күтүлүүчү натыйжалары жана алтын эрежелери катышуучуларга көрүнөө жерге илинип коюлат. Тренинг убагында Ф. буларга кайрылып турат. | 3-6 -слайддар |
| 10:00 -10:20<br><br>20 мин. | **3-сессия. Окуучуларга ийгиликтүү окурман болууга кантип жардам берсе болот? Алгачкы изилдөөлөр (мини лекциялар)**<br><br>1. Ф. тренингдин катышуучуларына «Окуучуларга ийгиликтүү окурман болууга кантип жардам берсе болот?» деген суроо менен кайрылып, мээ чабуулун жасап, кыскача талкуу жүргүзөт.<br>2. Талкуудан кийин, Ф. катышуучулардан 9-модулдун 4-бетин ачып «**Окуучуларга ийгиликтүү окурман болууга кантип жардам берсе болот? Алгачкы изилдөөлөр»** деген темаларды окуп чыгууларын өтүнөт.<br>3. Мындан кийин, Ф. жалпы топто кыскача талкуу жүргүзүп, сессияны «Келгиле,окуйбуз!» долбоорунун алкагында өткөрүлгөн башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн баалоонун жыйынтыктарынан тааныштырып жыйынтыктайт(8-10-слайддар). | 9-модуль<br><br>7-10- слайддар |
| 10:20-10:40 |  Кофе-брейк | |
| 10:40-11:05<br><br>25 мин. | **4-сессия. Окумдуулук жана тексттерди классификациялоонун маанилүүлүгү**<br>1. Ф. бөлмөнүн төрт тарабына 1-4 класстардын адабий окуу китептеринен алынган төрт тексттин көчүрмөсүн илип койот. Тексттердин канчанчы класска тишелүү экенин катышуучулар билбеши керек.<br>2. Ф. катышуучулардан «Азыр сүрөт галлереясында жүрөм деп элестетип ар бириңиздер илинип турган тексттерди окуп чыгыныздар» деп айтып, тексттерди окуп чыгууларын суранат.<br>3. Тренингдин катышуучулары тексттерди окуп чыгышкандан кийин Ф. алардан «Тексттердин татаалдык деңгээлдери канчанчы класстарга тиешелүү деп ойлойсуздар?», «Эмне үчүн мындай деп ойлойсуздар?», «Эмненин негизинде мындай деп чечтиңиздер?», «Тексттердин татаалдык деңгээлдери сиз айткан класска туура келеби?» деген суроолорду берип кыскача талкуу жүргүзөт.<br>5. Талкуудан кийин «окуумдуулук жана тексттерди классификациялоонун маанилүүлүгү» боюнча мини лекцияны PP. | 11-14-слайддар<br><br>Төрт тексттин көчүрмөсү (2-тиркеме) |

слайддарын колдонуу аркылуу презентация кылат.

6. Презентация бүткөндөн кийин Ф. тренингдин катышуучуларын 9-модулдун 6-9 беттериндеги бул сессияга тиешелүү маалыматты окуп чыгууларын сурайт.

11:05 – 12:30

1 саат 25 мин.

**5-сессия. Кыргыз Республикасындагы классификациялоо системасы: лингвистикалык параметрлер, мазмун, китептин жасалгасы жана дизайнына карай окуу материалдарынын татаалдык деңгээлдерин аныктоо**

1. Ф тексттердин ар кандай деңгээлдерге жана класстарга ылайыктуулугун аныктоо үчүн окумдуулук жана классификациялоо критерийлеринин комбинациясы колдонулаарын айтуу менен төмөндөгү таблицаны тааныштырат.

| Категория | Критерийлер |
|---|---|
| **Лингвистикалык параметрлер** | Сөздөрдүн узундугу (канча тамга жана муундардан турат) |
| | Сөздөрдүн кайталаныш жыштыгы |
| | Муундардын саны |
| | Сүйлөмдөрдүн узундугу (канча сөздөн турат) |
| | Сүйлөмдөрдүн/ беттердин саны |
| **Мазмун** | Стандарттарга туура келиши |
| | Жергиликтүү маданиятка туура келиши |
| | Окуучулардын жаш курагына туура келиши |
| | Диалогдордун болушу |
| | Бейтааныш сөздөрдүн маанилерин түшүндүрүүлөрдүн болушу |
| | Сүрөттөр текстти түшүнүүгө жардам берет |
| | Гендердик теңдик |
| | Инклюзивдүүлүк |
| **Китептин жасалгасы жана дизайны** | Шрифттин стили жана өлчөмү |
| | Жаңы сөздөрдү белгилөө |
| | Жасалгалоо |
| | Узундугу |
| | Сүрөттөрдүн жагымдуулугу |

Таблицаны тааныштырууда Ф. лингвистикалык параметрлердин, мазмундун, китептин жасалгасы жана дизайнынын ар бирине PP слайддарын колдонуп, мини лекцияларды өтөт жана өтүлгөн материалды бышыктоо үчүн 9-модулдан көнүгүүлөрдү аткартат. Көнүгүүлөр боюнча маалымат 18 менен 24-PP слайддарында берилди. Лингвистикалык параметрлер боюнча мини лекция убагында Word Calc компьютердик программасы/куралы жөнүндө видео көрсөтүлөт жана талкууланат.

Word Calc компьютердик программасы/ куралы боюнча видео.

2. Ф. катышуучуларды 9-модулдун 10дон 18чи бетке чейин берилген лингвистикалык параметрлер, мазмун жана китептин дизайны боюнча маалыматтарды окуп, таанышып чыгууларын сурайт.

3. Катышуучулар сунушталган маалыматты окуп чыгышкандан кийин Ф. жалпы топто кыскача талкуу жүргүзүү менен бирге «*жогоруда берилген – лингвистикалык, мазмун жана дизайн боюнча параметрлер – жалпы автоматташтырылган куралга бириктирилген. Бул курал төмөнкүлөрдөн турат:*

1. *сөздөрдүн калкулятору – WordCalc – бул сөздөрдүн саны жана узундугу, сүйлөмдөрдүн саны жана узундугу, көп колдонулган*

9-модуль

15-24-слайддар

| | | |
|---|---|---|
| | *сөздөрдү жана сөз айкалыштарды, тексттердин лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн талдаган компьютер программасы;*<br>2. *предметтик стандарттарга шайкештик, маданият өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу, мектеп окуучуларынын психологиялык жана куракттык өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуулук, гендердик теңдик, социалдык инклюзивдүүлүк, диалогдор ж.б.у.с. критерийлерди камтыган мазмун параметри;*<br>3. *иллюстрациялар, шрифттин өлчөмү жана стили, формат, баланын туюу сезимине жагымдуулугу ж.б.у.с. критерийлерди камтыган дизайн параметри».*» деп айтат.<br>Ошону менен бирге Ф. тексттердин же окуу материалдарынын ар кандай деңгээлдерге жана класстарга ылайыктуулугун аныктоо үчүн жогоруда аталган куралдын колдонулаарын дагы бир жолу баса белгилейт. | |
| 12:30-13:30 | 🍽 Түшкү тамак | |
| 13:30-13:45<br>15 мин. | **«Келгиле, окуйбуз!"кыймылдуу көнүгүүсү.**<br>Катышуучулар экиге бөлүнүп, эки катар болуп бетме-бет турушат. Ар бир катышуучунун жубу болот.<br>1. Ф. "1-класстар " деп комманда бергенде бетме-бет турган жуптар эки колунун алакандарын бири-бирине тийгизип чабышат(дай пять).<br>2. Ф. «2-класстар» деп комманда бергенде, отуруп турушат.<br>3. Ф. «3-класстар» деп комманда бергенде. секиришет<br>4. Ф. «4-класстар» деп комманда бергенде, 360 градуска тегеренишет.<br>5. Ф. «Келгиле, окуйбуз!» деп комманда бергенде, баш бармагы менен «Yes!» деп кыйкырышат.<br>Ф. алгач команданы тартиби менен берип анан бара-бара батыраак жана улам алардын орун алмаштырып бере баштайт. Катышуучулар берген коммандага тиешелүү кыймыл-аракетти адашпай аткарыш керек | |
| 13:45- 14:25<br>40 мин. | **5-сессия. Кыргыз Республикасындагы классификациялоо системасы: лингвистикалык параметрлер, мазмун, китептин жасалгасы жана дизайнына карай окуу материалдарынын татаалдык деңгээлдерин аныктоо ( уландысы)**<br>Ф. тексттердин татаалдык деңгээлдерин башкача айтканда алардын кандай деңгээлдерге жана класстарга ылайыктуулгун аныктоо үчүн катышуучулардын жалпы тобу менен биргеликте 1-2 текстти же окуу материалдарын жогоруда аталган куралдын негизинде классификациялашат.<br><br>*Эскертүү: Бул көнүгүүнү аткарууда техникалык шарттарды жана чектөөлөрдү эске алуу менен, тексттердин окумдуулугун аныктоо Word Calc компьютердик программасынын негизинде(интернет болгон учурда) же алдын ала Word Calc программасынан өткөрүлүп, принтерден чыгарылган даяр тексттердин матрицаларынын негизинде аткарылат.* | Критерийлер дин түшүндүрмө лөрү боюнча таблица.<br>9-модулдун 21-24 беттери.<br><br>Окуу материалдары нын сканерленген түрү.<br>(3-тиркеме)<br><br>Word Calc компьютердик пргграммасынан өткөрүлгөн тексттердин |

| | | |
|---|---|---|
| | | матрицалары. (4-тиркеме) |

| | | |
|---|---|---|
| 14.25-14.45<br><br>20 мин.<br><br>. | **6-сессия.**<br>**Мугалимдер окуу материалдарын классификациялоо куралын кантип колдоно алышат?**<br>Ф. алгач төмөнкү суроолордун негизинде катышуучулар менен жалпы топто талкуу жүргүзүп андан кийин өзү презентация кылат:<br>• Окуу материалдарын классификациялоо куралы эмне үчүн колдонулат?<br>• Бул куралды мугалимдер кантип же кандай жагдайларда колдоно алышат?<br>Ф. Катышуучуларды окуу материалдарын классификациялоо куралын колдонуунун тартиби менен тааныштырып жалпы топто талкуулайт. | 25-слайд<br><br>9-модулдун 2-тиркемеси 42- бет |
| 14:45-15:25<br><br>40 мин. | **7-сессия. Мугалимдер классификацияланган окуу материалдарын кантип колдоно алышат?**<br><br>Ф. сессияны төмөнкүлөдүн негизинде талкуу жүргүзүү менен баштайт.<br>• Чечмелеп окулуучу китептер<br>• Ири форматтагы китептер<br>• Классификацияланган китептер<br>• Маалыматтык китептер<br>• Классификацияланган китептерди белгилөө<br>• Китеп тандап алуудагы 3 фактор<br><br>Талкуудан кийин Ф. катышуучуларды чечмелеп окулуучу китептер, ири(чоң) форматтагы китептер, маалыматтык китептерге карата 3 топко бөлөт жана 9-модулдан төмөнкү көнүүгүлөрдү карап чыгып, презентация кылууларын өтүнөт:<br><br>• 1-көнүгүү, 27-28-бет<br>• 2-көнүгүү, 28- 29 - беттер<br>• 4-көнүгүү. 31- 35 беттер<br><br>Топтор презентацияны өздөрү каалаган формада (сүрөт аркылуу, пантомима, ролдук оюн ж.б.) өткөрсө болоорун Ф. алдын ала эскертет. Топтор презентация кылып жатканда Ф. аларды аралап көрсөтмө жана багыт берип турушу керек.<br>Топтордо иштөө -15 мин. Презентация кылуу жана жалпы топто талкуулоо - 15 мин. | 26-27 -слайддар<br>Флипчарт, маркерлер |
| 15:25-15:45 |  **Кофе-брейк** | |
| 15:45-16:25<br>40 мин. | **Улуттук тренерлер үчүн нускамаларды талкуулоо.**<br><br>**Ф.** төмөнкүлөр боюнча иш алып барат:<br><br>• Ар бир катышуучу 9-модуль боюнча эки нускаманы (мугалимдер жана мектеп администрациясы/китепканачылар үчүн) карап чыгышат.<br>• Эки нускаманын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын жалпы топто талкуулашат.<br><br>**Ф.** Мугалимдер үчүн өтүлгөн материалдарды кайталоо боюнча | Мугалимдер жана мектеп администрациясы, китепканачылар үчүн нускамалар<br>28-слайд<br><br>«Окуганын |

| | | |
|---|---|---|
| | «Кайтарым байланыш көнүгүүсү» боюнча талкуу жүргүзүп жалпылайт.<br><br>Эскертүү: Тренинг мугалимдерге өтүлгөн учурда бул сессиянын ордуна улуттук тренерлер мугалимдерге «Окуганын түшүнүү» боюнча видеону көрсөтөт жана жалпы топто кыскача талкуу өткөрөт. | түшүнүү» боюнча видео |
| 16:25- 17:00<br>35 мин. | **Рефлексия.**<br>Ф. Эки суроо берет:<br>1. Тренингде эмне түшүнүктүү болду?<br>2. Эмне түшүнүксүз болду?<br><br>Суроо-жооп. | 29-слайд |

**1-тиркеме**

***«Окуп бериңизчи» көнүгүүсү***

| | |
|---|---|
| 1 | Манас айткандай кылып окуп бериңизчи. |
| 2 | Жактырган ырыңыздын обонуна салып окуп бериңизчи. |
| 3 | Рэп айткандай кылып окуп бериңизчи. |
| 4 | Үнүңүздү жоон чыгарып окуп бериңизчи. |
| 5 | Үнүңүздү ичке чыгарып окуп бериңизчи. |
| 6 | Абдан тез окуп бериңизчи. |
| 7 | Абдан жай окуп бериңизчи. |
| 8 | Кара жорго бийлеп окуп бериңизчи. |
| 9 | Футбол ойноп окуп бериңизчи. |

| | |
|---|---|
| 10 | Автобуста баратып окуп бериңизчи. |
| 11 | Көзүңүздү чоң ачып атып окуп бериңизчи. |
| 12 | Күлүп атып окуп бериңизчи. |

**1-класс**

## Абышка менен дөө

Илгери-илгери бир абышка жашаптыр. Бир күнү ал жолдон жумуртка таап алат. Андан ары бара жатса, алдынан дөө чыгат.

Абышка дөөдөн аябай коркуп кетет, бирок ошол замат амал ойлоп таап:

-Эң сонун болбодубу. Сени таап кел деп, мени хан жиберди, - дейт.

Дөө таң калып:

-Хан мени эмне кылат экен? – деп сурайт.

Абышка дөөнүн корконун билип:

-Хан алтын сарай салдырат экен. Ошого ылайыктуу устун жок болуп жатат. Сен аябай узун эмессиңби, ошого сен ылайыктуу экенсиң. Жүр, тез кетели, - дейт.

Абышканын айтканына ишенбей дөө аны менен күч сынашмакчы болот. Алар суу табылгадан сары суу сыгып чыгарууга мелдешишет. Дөө куураган табылганы бычырата кармаса, суу чыкпайт. Кезек абышкага келет. Ал колундагы жумуртканы табылгы менен кошо кармайт. Жумуртка жарылып, сары суу чыгат.

Муну көргөн дөө абышкадан чындап коркот да: - Айланайын абышка, ырайым кыл, мени бошот, акыңа муну ала тур, - деп ага муштумдай алтын берет. Абышка алтынды алып:

-Мейли анда – деп, кутулганына суйүнүп, абышка жолуна түшөт.

## Өзүнүкү жана өзгөнүкү

Тилек менен Кушубек кошуна жашашат. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүштү. Анан чарчашты.

- Чыбыктан ат кылып алып минели, - деди Тилек.

Экөө үйлөрүнө кетишти, Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок аяды. Атасы көрсө да тилдейт. Анан ал Кушубектин короосуна карады. Эч ким көрүнбөйт. Жашырынып чуркап барып, алардын талынан сындырып алды. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту. Экөө сүзүшүп калышты. Ал дагы талдан сындырып алыптыр. Тааныды. Көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосунан сындырганын эми түшүндү. Ошентип, экөө бири-бирин карап туруп, анан ойнобостон үйлөрүнө кетип калышты.

Сулайман Рысбаев

**3-класс**

## Мээримдүү канаттуулар

Канаттуунун уясы касиеттүү көрүнүп, менин уяга кызыкканымды билип, энем ар дайым эскертет:

- Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын баспай коёт. Энемдин ушундай кебинен улам уя мага ого бетер касиеттүү көрүнчү. Бирок аны көрүү оңой эмес эле мага. Кашаттагы кара чыйырчык уялаган жарга көп барамын. Алар чочулабасын жеп шыбыш чыгарбай сак басамын. Алыстан туруп жар боорундагы кол баткыдай оюктарды ичимден санаймын. Себеби ар бир оюк өзүнчө уя. Мына уялардын бир бүтөлдү, же бузулдубу, же чыйырчык таштап кеттиби деген ой келет. Көрсө, мен жөн эле чочулайт экенмин. Четтен кырсык болбосо, жар боюндагы уя бузулбайт тура.

Бир жолу обочодон абайлап турганымда четки уядан чыйырчык учуп чыкты. Ошол замат так төбөмдөн «шуу» эткен коркунучтуу доош угула калды. Кайдан-жайдан жетип келген ителги чыйырчыкты «шап» илип алып, туура жакка зыпылдай учту. Азыр эле уясынан чыккан чыйырчык тырмактуунун чеңгелинде калды.

Эми балапандары чыкпай калат деп, үйгө ыйлагыдай болуп келдим.

Аянычтуу окуяны угуп, энем:

«Тырмактууга чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем. Тагдыр ошондой, балам. Эми анын уясын басып, балапанын чыгарчусу да бардыр», - деп мени сооротту.

Көп кечикпей мен жарга келдим, уя баскан чыйырчыктын төбөсү же тумшугу көрүнчү мурда. Азыр да четки уядан ошондой тумшукту көрүп, кубанып кеттим. Энем: «Басып чыгаруучусу бардыр», - дебеди беле. Чын эле жетим уяда чыйырчык бөжүйт. Кантсе да эне чыйырчыктын түгөйү го.

Ошол замат үйгө келип, көргөнүмдү энеме айттым. Ууяны бөтөн чыйырчык басып калганына энем да кубанды:

- Ал – түгөйү тура. Жалгыз калган кургур жемден куруйт эми.

Мен да чыйырчыкка кантип жем берүүнүн аргасын ойлодум. Өз колумдан келер эместей. Бир айылдын балдары кеңешип, ошол уяга жеткидей укуруктун учуна калай тепшиче бекиттик. Ага көпөлөк, курт,

чымын салдык. Анан аны жар бооруна тикесинен жөлөп койдук. Калай тепшиче ал четки уянын оозуна туура келди.

Албетте, биз койгон жем чыйырчыкка азык болду дечи. Күндөр өткөн соң, уянын четинен сары ооз балапандар көрүнгөн кезде кызык окуя болду. Билбеймин, биз койгон жем жетпей жаттыбы? Айтор уядагы чыйырчыкка башкалары жардам этишкени байкалды. Бири кетсе, бири жем тиштеп келип, уядагы сары ооздорго берет.

Бул күйкүмдүүлүктү укканда, чон кишилер таӊ калышты. Анан:

- Башына оордук келгенде, биз кишилер ушул чыйырчыкчалык жардам этебизби? Ар кимибиз өз-өз түйшүгүбүздө кулала болуп, күйүмдүүлүк да эстен чыгат. Эмине, тигил чыйырчыктардын өздөрүнүн түйшүктөрү жок бекен. Тырмактуулар кол салат ал бечараларга. Оор күндөрү жем табылбай калат.

А күйүмдүүлүктү ушул чыйырчыктардан үйрөнсөкчү...

Түгөлбай Сыдыкбеков

**4-класс**

## Улуттук тамак-аштар

Башка элдер сыяктуу кыргыз элинин да муундан муунга өтүп сакталып келген элдик тамак-аш өнөрү бар. Алар: бешбармак, казы-карта, чучук, куурдак, быжы, жөргөм, олобо, кымыз, курут, чалап, жарма, боорсок ж.б.

Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен айырмаланат. Келген меймандарды кучагын жайып тосуп алып, төрүнө отургузушкан. Мал союп, дасторконун кенен жайып сыйлап келишкен. Дасторкондун үстүнө токоч, боорсок, каттама, каймак, май, өрүк-мейиздерди коюшат. Анан куурдак, жөргөм, шорпо, эң аягында бешбармак берилет.

Кыргыздардын тамак берүү салты боюнча меймандарга бышырылган эт устукандалып тартылат. Устукандар адамдардын жашына, урматтоосуна жараша ыйгарылат.

Кыргыздардын тамак-ашында камырдан жасалгандары кеңири орунду ээлейт. Алардын ичинен эң көп жасалганы боорсок менен тандыр нан. Ошондой эле каттама, самса жана башкалар да бар. Мындай тамактар, көбүнчө, чай менен желет.

Кыргыздарда улуттук эң барктуу суусундук – бул кымыз. Кымыздын дарылык касиети күчтүү экендиги белгилүү. Элибиз кургак учук оорусун ушул кымыз менен дарылап келишкен. Ошондой эле, бозо, жарма, максым сыяктуу суусундуктар да жасалат.

3-тиркеме

С(Кыргыз)
Ж-89

# АЁО




Автору – Каныбек Жунушев
Сүрөтчүсү – Мээрим Жанузакова

С(Кырг)
ЖС89



**Булуттан акырын куланып,**
**Кар жаады мамыктай кыламык.**

РБДЮ БАЛАЛЫК




**Чымчыктар жылдызча издерин,**
**Түшүрүп ойношот кубанып.**



**Түнүндө кар түшүп аябай,**
**Аппапак дүпүйүп карагай.**



**Жанында балаты отурат,**
**Торсоюп тон кийген баладай.**



**...Шаңкайып кең асман, көк деңиз,**

**Айлана аппапак тептегиз.**



**Өзөн жак күзгүдөй жалтылдап,**
**Коаздугу уюган ченегис.**



**Өзгөгө сезилсе кыш майрам,**
**Өзүмчө боломун бушайман:**



**Каякта чымчык, куш, коёндор?**
**Кар жатат мелтиреп тушардан...**

20 с.

# АЁО

Автору – Каныбек Жунушев
Сүрөтчүсү – Мээрим Жанузакова




KIRLand басмаканасында басылды,
Форматы А4, тиражы 500 даана,
Кыргыз Республикасы, 720083,
Бишкек ш., Аламедин-1 кчр., 75.
Тел.: +996 (312) 63 01 10, 63 18 40
Факс: +996 (312) 63 39 56

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ №26507 б/ф

АГА ХАН ФОНДУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

UKaid
from the British people



**Балдар, кышта жаныбарлар жана куштар жем-чөп таппай, кыйналышат. Алар кыш мезгилинде биздин камкордугубузга муктаж.**


Д
Ык-85
К.ЫСАКБЕКОВ
ТААРЫНЧААК
КҮЧҮК

8/8
Д
61-85

КАРАКОЙЧУ ЫСАКБЕКОВ

# ТАРЫНЧААК КҮЧҮК



АҢГЕМЕ

РЕСПУБЛИКАНСКАЯ
ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА
334216

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1981

84.98 Ки7
Ы 99



БӨБӨКТӨР ҮЧҮН

Сүрөт *Т. Мусакеев*

70801—028
Ы———————173.81.4803010200
452(17)—81

© «Мектеп» басмасы, 1981-ж.



**ТААРЫНЧААК КҮЧҮК**

Үмөттүн атасы чабан. Алар көбүнчө жайдыр-кыштыр тоодо болушат. Бир курдай Үмөт эжеси экөө “Шаардан цирк келиптир” дегенди угушуп, кыштакка келишти. Ал жерден татынакай аппак күчүктөрдүн ойноп-бийлеп бергенин көрүштү. Ошондон кийин эле: “Мен кандай болбосун жакшы күчүк багып, аны өнөрпос кылып үйрөтүп алышым керек” деп самады Үмөт. Ошентип, эч кимге айтпай эртеси эле түтүнмө-түтүн кыдырып күчүк издеди. Бирок, көңүлгө жагаар күчүк тапкан жок. Бир күнү атасына:

-Ата, атакебай! Мага бир жакшы күчүк таап берсеңиз, - деди.

-Эмне кыласың балам, күчүктү?

-Аны багып, өнөрпос кылып чоңойтом!

-Макул балам! – деди да Кары деген мергендин куу тайганы үч күчүк тууптур, ошонун бирөөн алып келип берди.

-Күчүгүнө Шарик деген ат койду. Анын сургулт жүнү, чолок куйругу, жалбырактай тик кулагы Үмөткө өтө сүйкүмдүү көрүнчү.

Бир топ күн өткөндө Шарик колдон талашып буламык, ботко жеегө көндү. Мантаңдап ар кимди ээрчип алчу болду.

Күн өтө берди. Үмөт күчүгүнө маалы менен тамак берип, жука кайыштан каргы жасатып мойнуна байлап алып, эртеден кечке эрмеги күчүк болду. Анан эмне! Окууга али жакшы толо элек... Үмөт эртең менен турат да: “Эки колуңду көтөр”, - деп буйрук берет. Ал билбейт. Түшүнбөйт... Анын эки алдыңкы бутун өйдө көтөрүп, жетелеп тегерентип бийлетет. Мындай “көңүл ачуудан” кийин тамак берет. Бул бара-бара көнүмүшкө айланды, акырындап Шарик Үмөт келе жатканда эки бутун көтөрүп, өзүнчө тегеренип бийлеп, ээгин жаланып туруучу болду. “Мына, биринчи машыгуу да ийгиликтүү бүттү” – дейт Үмөт сүйүнүп.

Ошентип күндөр алмаша берди... Сур күчүк чоңоюп, өнөрү өөрчүдү. Ойногусу келсе же эриксе, же тамак ичкиси келсе, ал дароо эле эки алдыңкы бутун өөдө көтөрүп, эки курдай: “Боов, боов”, - деп үрүп, тегеренип бийлеп жиберет. Мындай белги болгондо Үмөт дароо Шарикти чечип коё берет. Чөнтөгүндөгү катып жүргөн шокаладын берет. Күчүгү бийлейт.

“Эми, комуз күүсүнө ойногонду үйрөтүш керек”, - деп ойлоду, Үмөт. Бирок күндөрдүн бир күнүндө ал чоң энеси Айдайды ээчип конокко кетти. Кайра келсе Шарик жок. Ал каргысын үзүп алып, “таарынып” качып кетиптир... Ооба, чын эле таарынган ойшойт! Болбосо кайда качат?

-Акылдуу Шаригим жоголду! Табышып бергиле – деп Үмөт ыйлап, ар кимге барды, куса болду.

-Кой, балам! Итке да ыйлоочу беле! Дагы күчүк таап берем, - дейт атасы. Ага болбойт, эки-үч күн өттү. Шарик эч табылбады. Айылды түтүнмө-түтүн бүт кыдырып чыгышты. Дайын жок. Көрсө күчүгүнүн “таарынып”, үйдөн качып кеткени мындайча болуптур.

...Күн улуу шашке болот. Шарик эки бутун нечен курдай өйдө көтөрүп, борсулдап: “Боов, боов” деп үрөт. Адатынча өз белгисин берип, тегеренип бийлейт. Үмөттү чакырат. Үйдөн эч ким чыкпайт. Акыры байланган жибин кырча чайнап бошонот да: “Мен дагы сени жок издетип убара кылып көрөйүн” – деп, күчүк бет алган жагына чуркап жөнөйт. Көпкө жүрөт. Бир маалда, ал чарчайт. Артынан эки бала аны кубалап жүрүп кармап, машинага салып белгисиз жакка алып кетишет. Эмне кылмак! Каңшылайт. Чайылдайт. Жаңы ээси кечкисин ага жиптен каргы жасап, босогого бекем байлап коёт. “Боов, боов,” деп үрөт бир маалда. Бирок, аны чечип, адаттагыдай ойнотуп, тамак берген киши болбойт. Эки бутун өөдө көтөрүп бийлеп да көрөт. Бирок ага түшүнгөн эч ким жок.

Күчүктүн “ээси көрсө таанып коёт” дешип, сур күчүктү кара боёк менен боёп салышат балдар. Үч-төрт күн өтөт. Сур күчүк кара күчүккө айланганы менен, тигилер тилин эч түшүнүшпөйт.

Курсагы ачат. Туш келди жетелешет. Баспаса сүйрөшөт. Кыйнашат.

“Кой, мен бул жерден да эптеп качып кетейин”, - деген ойго келет Шарик. Ошентет да жипти кырчып качып жөнөйт. Таң ата аны дагы бирөө кармап алат. Эмки ээси өтө чыр, эрке кыз экен. Ал ошол күнү эле: “Мен кара күчүк күтпөйм. Аппакай күчүктү жакшы көрөм” – деп ак боёкко боётуп алды.

Бул ээси да сур күчүктүн тилин түшүнбөдү. “Боов, боов” деп үрөт. Аны бошотуп кадимкидей ойноткон киши болбоду. Эки бутун өөдө көтөрүп бийлейт. Ага даамдуу тамак берүүнү эч ким ойлогон да жок. Курсагы ачып, куса болуп, биринчи ээси – Үмөттү эстейт, өкүнөт.

“Каап! Эмне үчүн таарынып үйдөн качып чыктым десең? Эми көргөн күнүм эмне болмок? Мага чала” деп Үмөттү эстеп, өзүнө-өзү нааразы болот. Акыры андан да качып чыкты. Бирок кайда барат? Кайдан келди? Баары эсинде жок. Көчө бойлоп: “Боов”, “боов” деп туш келди үрүп чуркай берет. Эки бутун көтөрүп кээде бийлеп да жиберет. Аракети, Үмөт көрсө же үнүмдү укса таанып бекен – деп ойлойт. Анткени, анын өңү-түсү да өзгөргөн да! Көп узабай байкуш Шарик багуусуз калган иттерди кармап жүргөн адамдын колуна түшүп арабада баратты. Аябай коркту. Бирок ушул учурда Үмөт менен атасы аларга жолугуп калды.

-Кечиресиздер! Балам экөөбүз бир айдан бери бир сур күчүгүбүздү жоготуп таппай жүрөбүз. Мүмкүн, сиз кармап албаңыз? – деди Үмөттүн атасы тиги кишиге.

-Сүйүнчүсүн деле беребиз, - деди Үмөт.

-Эгер тааныcаңар алгыла, - деди тиги киши.

Ушул учурда Үмөттүн үнүн уккан Шарик үрүп жиберди. Үмөт дароо Шарик экенин тааныды:

-Ата, атакебай! Ушу менин Шаригим! – деди Үмөт шашып арабага жармашып, үстүнө көтөрүлүп Шарикти чакырды. Шарик эки бутун көтөрүп каңшылап, бийлеп жиберди.

-Сенин күчүгүң сур эмес беле? – деди атасы.

-Жок, ата, боёп койгон тура, өзүмдүн эле күчүгүм, - деди Үмөт.

Мындан кийин аны арабадан алып жерге түшүрүштү. Күчүктү Үмөт бооруна кысты.

Шарик да ээсин таанып, анын колу-бутун жалап-жуктап каңшылап жиберди. “Эми сага эч качан, эч убакта таарынбайм, үйдөн качпайм” дегенсип, Үмөттү тегерене чуркап, бою менен тең секирет!



**4-Тиркеме**

# АЁО

Булуттан акырын куланып, Кар жаады мамыктай кыламык. Чымчыктар жылдызча издерин, Түшүрүп ойношот кубанып. Түнүндө кар түшүп аябай, Аппапак дүпүйүп карагай. Жанында балаты отурат, Торсоюп тон кийген баладай. Шаңкайып кең асман, көк деңиз, Айлана аппапак тептегиз. Өзөн жак күзгүдөй жалтылдап, Коздугу уюган ченегис. Өзгөгө сезилсе кыш майрам, Өзүмчө боломун бушайман: Каякта чымчык, куш, коёндор? Кар жатат мелтиреп тушардан...

| | | 1 - класс | | | 2 - класс | | 3 - класс | | 4 - класс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Критерийлер** | **Жыйынтыктар** | **1.1** | **1.2** | **1.3** | **2.1** | **2.2** | **3.1** | **3.2** | **4.1** | **4.2** |
| Сөздөгү муундардын орточо саны | 2.6 *муун* | *2,1* | *2,2* | *2,3* | *2,4* | *2,5* | ***2,6*** | *2,7* | *2,8* | *2,8+* |
| Сөздөрдүн жалпы саны | 57 *сөз* | ***100 сөз*** | *150 сөз* | *200 сөз* | *300 сөз* | *350 сөз* | *400 сөз* | *500 сөз* | *600 сөз* | *1000+ сөз* |
| Узун сөздөр:*10 тамга же көп* | 0 *сөз* | ***4 сөз*** | *6 сөз* | *8 сөз* | *12 сөз* | *16 сөз* | *20 сөз* | *24 сөз* | *28 сөз* | *32 + сөз* |
| Сөздөрдүн орточо узундугу (тамгалар менен) | 6.1 *тамга* | *5 тамга* | *5,5 тамга* | *6,0 тамга* | ***6,1 тамга*** | *6,2 тамга* | *6,3 тамга* | *6,4 тамга* | *6,5 тамга* | *6,6+ тамга* |
| Сүйлөмдөрдүн жалпы саны | 16 *сүйлөм* | ***20 сүйлөм*** | *25 сүйлөм* | *30 сүйлөм* | *50 сүйлөм* | *100 сүйлөм* | *200 сүйлөм* | *250 сүйлөм* | *300 сүйлөм* | *350+ сүйлөм* |
| Тексттеги сүйлөмдөрдүн орточо саны (сөз менен) | 3.6 *сөз* | ***5,0 сөз*** | *5,5 сөз* | *6,0 сөз* | *6,5 сөз* | *7,0 сөз* | *7,5 сөз* | *8,0 сөз* | *8,5 сөз* | *9,0+ сөз* |

# ТААРЫНЧААК КҮЧҮК

Үмөттүн атасы чабан. Алар көбүнчө жайдыр-кыштыр тоодо болушат. Бир курдай Үмөт эжеси экөө “Шаардан цирк келиптир” дегенди угушуп, кыштакка келишти. Ал жерден татынакай аппак күчүктөрдүн ойноп-бийлеп бергенин көрүштү. Ошондон кийин эле: “Мен кандай болбосун жакшы күчүк багып, аны өнөрпос кылып үйрөтүп алышым керек” деп самады Үмөт. Ошентип, эч кимге айтпай эртеси эле түтүнмө-түтүн кыдырып күчүк издеди. Бирок, көңүлгө жагаар күчүк тапкан жок. Бир күнү атасына: -Ата, атакебай! Мага бир жакшы күчүк таап берсеңиз, - деди. -Эмне кыласың балам, күчүктү? -Аны багып, өнөрпос кылып чоңойтом! -Макул балам! – деди да Кары деген мергендин куу тайганы үч күчүк тууптур, ошонун бирөөн алып келип берди. -Күчүгүнө Шарик деген ат койду. Анын сургулт жүнү, чолок куйругу, жалбырактай тик кулагы Үмөткө өтө сүйкүмдүү көрүнчү. Бир топ күн өткөндө Шарик колдон талашып буламык, ботко жеегө көндү. Мантаңдап ар кимди ээрчип алчу болду. Күн өтө берди. Үмөт күчүгүнө маалы менен тамак берип, жука кайыштан каргы жасатып мойнуна байлап алып, эртеден кечке эрмеги күчүк болду. Анан эмне! Окууга али жакшы толо элек... Үмөт эртең менен турат да: “Эки колуңду көтөр”, - деп буйрук берет. Ал билбейт. Түшүнбөйт... Анын эки алдыңкы бутун өйдө көтөрүп, жетелеп тегерентип бийлетет. Мындай “көңүл ачуудан” кийин тамак берет. Бул бара-бара көнүмүшкө айланды, акырындап Шарик Үмөт келе жатканда эки бутун көтөрүп, өзүнчө тегеренип бийлеп, ээгин жаланып туруучу болду. “Мына, биринчи машыгуу да ийгиликтүү бүттү” – дейт Үмөт сүйүнүп. Ошентип күндөр алмаша берди... Сур күчүк чоңоюп, өнөрү өөрчүдү. Ойногусу келсе же эриксе, же тамак ичкиси келсе, ал дароо эле эки алдыңкы бутун өөдө көтөрүп, эки курдай: “Боов, боов”, - деп үрүп, тегеренип бийлеп жиберет. Мындай белги болгондо Үмөт дароо Шарикти чечип коё берет. Чөнтөгүндөгү катып жүргөн шоколадын берет. Күчүгү бийлейт. “Эми, комуз күүсүнө ойногонду үйрөтүш керек”, - деп ойлоду, Үмөт. Бирок күндөрдүн бир күнүндө ал чоң энеси Айдайды ээчип конокко кетти. Кайра келсе Шарик жок. Ал каргысын үзүп алып, “таарынып” качып кетиптир... Ооба, чын эле таарынган ойшойт! Болбосо кайда качат? -Акылдуу Шаригим жоголду! Табышып бергиле – деп Үмөт ыйлап, ар кимге барды, куса болду. -Кой, балам! Итке да ыйлоочу беле! Дагы күчүк таап берем, - дейт атасы. Ага болбойт, эки-үч күн өттү. Шарик эч табылбады. Айылды түтүнмө-түтүн бүт кыдырып чыгышты. Дайын жок. Көрсө күчүгүнүн “таарынып”, үйдөн качып кеткени мындайча болуптур. ...Күн улуу шашке болот. Шарик эки бутун нечен курдай өйдө көтөрүп, борсулдап: “Боов, боов” деп үрөт. Адатынча өз белгисин берип, тегеренип бийлейт. Үмөттү чакырат. Үйдөн эч ким чыкпайт. Акыры байланган жибин кырча чайнап бошонот да: “Мен дагы сени жок издетип убара кылып көрөйүн” – деп, күчүк бет алган жагына чуркап жөнөйт. Көпкө жүрөт. Бир маалда, ал чарчайт. Артынан эки бала аны кубалап жүрүп кармап, машинага салып белгисиз жакка алып кетишет. Эмне кылмак! Каңшылайт. Чайылдайт. Жаңы ээси кечкисин ага жиптен каргы жасап, босогого бекем байлап коёт. “Боов, боов,” деп үрөт бир маалда. Бирок, аны чечип, адаттагыдай ойнотуп, тамак берген киши болбойт. Эки бутун өөдө көтөрүп бийлеп да көрөт. Бирок ага түшүнгөн эч ким жок. Күчүктүн “ээси көрсө таанып коёт” дешип, сур күчүктү кара боёк менен боёп салышат балдар. Үч-төрт күн өтөт. Сур күчүк кара күчүккө айланганы менен, тигилер тилин эч түшүнүшпөйт. Курсагы ачат. Туш келди жетелешет. Баспаса сүйрөшөт. Кыйнашат. “Кой, мен бул жерден да эптеп качып кетейин”, - деген ойго келет Шарик. Ошентет да жипти кырчып качып жөнөйт. Таң ата аны дагы бирөө кармап алат. Эмки ээси өтө чыр, эрке кыз экен. Ал ошол күнү эле: “Мен кара күчүк күтпөйм. Аппакай күчүктү жакшы көрөм” – деп ак боёкко боётуп алды. Бул ээси да сур күчүктүн тилин түшүнбөдү. “Боов, боов” деп үрөт. Аны бошотуп кадимкидей ойноткон киши болбоду. Эки бутун өөдө көтөрүп бийлейт. Ага даамдуу тамак берүүнү эч ким ойлогон да жок. Курсагы ачып, куса болуп, биринчи ээси – Үмөттү эстейт, өкүнөт. “Каап! Эмне үчүн таарынып үйдөн качып чыктым десең? Эми көргөн күнүм эмне болмок? Мага чала” деп Үмөттү эстеп, өзүнө-өзү наarazы болот. Акыры андан да качып чыкты. Бирок кайда барат? Кайдан келди? Баары эсинде жок. Көчө бойлоп: “Боов”, “боов” деп туш келди үрүп чуркай берет. Эки бутун көтөрүп кээде бийлеп да жиберет. Аракети, Үмөт көрсө же үнүмдү укса тааныр бекен – деп ойлойт. Анткени, анын өңү-түсү да өзгөргөн да! Көп узабай байкуш Шарик багуусуз калган иттерди кармап жүргөн адамдын колуна түшүп арабада баратты. Аябай коркту. Бирок ушул учурда Үмөт менен атасы аларга жолугуп калды. -Кечиресиздер! Балам экөөбүз бир айдан бери бир сур күчүгүбүздү жоготуп таппай жүрөбүз. Мүмкүн, сиз кармап албаңыз? – деди Үмөттүн атасы тиги кишиге. -Сүйүнчүсүн деле беребиз, - деди Үмөт. -Эгер таанысаңар алгыла, - деди тиги киши. Ушул учурда Үмөттүн үнүн уккан Шарик үрүп жиберди. Үмөт дароо Шарик экенин тааныды: -Ата, атакебай! Ушу менин Шаригим! – деди Үмөт шашып арабага жармашып, үстүнө көтөрүлүп Шарикти чакырды. Шарик эки бутун көтөрүп каңшылап, бийлеп жиберди. -Сенин күчүгүң сур эмес беле? – деди атасы. -Жок, ата, боёп койгон тура, өзүмдүн эле күчүгүм, - деди Үмөт. Мындан кийин аны арабадан алып жерге түшүрүштү. Күчүктү Үмөт бооруна кысты. Шарик да ээсин таанып, анын колу-бутун жалап-жуктап каңшылап жиберди. “Эми сага эч качан, эч убакта таарынбайм, үйдөн качпайм” дегенсип, Үмөттү тегерене чуркап, бою менен тең секирет!

| | | 1 - класс | | | 2 - класс | | 3 - класс | | 4 - класс | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Критерийлер** | **Жыйынтыктар** | **1.1** | **1.2** | **1.3** | **2.1** | **2.2** | **3.1** | **3.2** | **4.1** | **4.2** |
| Сөздөгү муундардын орточо саны | 2.3 *муун* | *2,1* | *2,2* | ***2,3*** | *2,4* | *2,5* | *2,6* | *2,7* | *2,8* | *2,8+* |
| Сөздөрдүн жалпы саны | 806 *сөз* | *100 сөз* | *150 сөз* | *200 сөз* | *300 сөз* | *350 сөз* | *400 сөз* | *500 сөз* | *600 сөз* | ***1000+ сөз*** |
| Узун сөздөр:*10 тамга же көп* | 20 *сөз* | *4 сөз* | *6 сөз* | *8 сөз* | *12 сөз* | *16 сөз* | ***20 сөз*** | *24 сөз* | *28 сөз* | *32 + сөз* |
| Сөздөрдүн орточо узундугу (тамгалар менен) | 5.3 *тамга* | *5 тамга* | ***5,5 тамга*** | *6,0 тамга* | *6,1 тамга* | *6,2 тамга* | *6,3 тамга* | *6,4 тамга* | *6,5 тамга* | *6,6+ тамга* |
| Сүйлөмдөрдүн жалпы саны | 122 *сүйлөм* | *20 сүйлөм* | *25 сүйлөм* | *30 сүйлөм* | *50 сүйлөм* | *100 сүйлөм* | ***200 сүйлөм*** | *250 сүйлөм* | *300 сүйлөм* | *350+ сүйлөм* |
| Тексттеги сүйлөмдөрдүн орточо саны (сөз менен) | 6.6 *сөз* | *5,0 сөз* | *5,5 сөз* | *6,0 сөз* | *6,5 сөз* | ***7,0 сөз*** | *7,5 сөз* | *8,0 сөз* | *8,5 сөз* | *9,0+ сөз* |